**Ш.Рашидов атындагы Самарканд мамлекеттик университети.**

2023-2024 окуу жылында Өзбекстан Республикасынын Самарканд шаарындагы Ш.Рашидов атындагы Самарканд мамлекеттик университетине 2024-жылдын 25-мартынан 2024-жылдын 7-апрелине чейин академиялык мобилдүүлүк программасынын алкагында Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультетинин 2-курсунун 11 студенти билим алып келишти:

1. Абдуманапова Аида
2. Азизбек кызы Нуриза
3. Аскарбеков Ильгиз
4. Дүйшөналиев Алтынбек
5. Жыргалбекова Айдай
6. Карыбеков Кутман
7. Маликова Изатай
8. Таалайбекова Мээрим
9. Темирбекова Медина
10. Темиркулов Акылмырза
11. Эсенбаева Гулайым

Жана ошондой эле МжМБ факультетинин деканы, доцент Базакеева Кундузгүл Жаманчаевна, ага окутуучу Айдашов Нурбек Саманчиевич дагы иш сапары менен барышты.

Барган күнү психология жана социалдык илимдер факультетинин илимий иштер жана эл аралык байланыштар боюнча декандын орун басары Турсунов Лочин Эркинович тосуп алып студенттерди жатаканага жайгаштырды.




*Ш.Рашидов атындагы Самарканд мамлекеттик университетинин жатаканасы*

2024-жылдын 26-мартында факультетибиздин деканы Базакеева Кундузгул Жаманчаевна студенттер менен биргеликте Ш.Рашидов атындагы Самарканд мамлекеттик университетинин эл аралык кызматташуу боюнча проректору Ахатов Акмал Рустамович менен жолугушту.

Жолугушууда СамМУнун проректору Кыргыз улуттук университети менен Самарканд мамлекеттик университетинин ортосунда кызматташуу меморандумуна кол коюлду.

Акмал Рустамович өз сөзүндө Кыргызстан менен Озбекстандын эки ири университети билим жана илим тармагында кызматташа турганына кубанычта экенин белгиледи.



*Ш.Рашидов атындагы Самарканд мамлекеттик университети*

Психология жана социалдык илимдер факультетинин илимий иштер жана эл аралык байланыштар боюнча декандын орун басары Турсунов Лочин Эркинович студенттерге Самарканд шаарындагы тарыхый жерлерди көрсөтүп, тарыхын айтып берди



Амир Тимурдун күмбөзү,Гур-Эмир



КУУ менен СамМУнун эки тараптуу  кызматташуусунун алкагына Базакеева К.Ж жана ошондой эле Айдашов Н.С СамМУнун студенттери үчүн конок лекция өтүштү.

МжМБ факультетинин деканы, доцент Базакеева К.Ж “Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик кызмат институтунун калыптануу жана өнүгүү этаптары ” деген темада, ал эми ага окутуучу Айдашов Н.С “Азыркы учурдагы дүйнөдөгү саясий кырдаал” темасында лекция окушту.

Лекциянын жыйынтыктоочу бөлүгү суроо-жооп форматында өттү. СамМУнун студенттери академиялык программасынан баштап, мамлекетти башкаруу тууракасында ар түрдүү кызыктыруучу суроолорун берип, жооп ала алышты.





6-апрель күнү КЫРГЫЗ-ӨЗБЕК маданий иш-чарасы болуп өттү

Аталган иш-чарада СамМУнун студенттерине  Кыргызстан жонундо кыскача видео-ролик корсотулуп, ыр-бий менен коштолду.

Кеченин сонунда академиялык мобилдуулук программасынын алкагында барган бардык студенттерге сертификат тапшырылды





